И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети

Магистратуранын жогорку мектеби факультетинин

Окумуштуулар кеңешинин отурумунун

2020-жылынын 5-мартындагы №6 протоколу

ОКнин төрагасы Кадыров Ч.А.

ОКнин катчысы Асаналиева Э.У.

**КАТЫШКАНДАР:** Ашырбаев Б.Ы., Акматкулов А.А., Дыканалиев К.М., Иманакунова Ж.С., Исраилова Н.А., Мусульманова М.М., Раззаков М.И., Рысбаева И.А., Самсалиев А.А., Тамабаева Б.С., Омуров Ж.М., (келгендерди каттоо барагы бекитилген).

Күн тартиби:

1. Билим порталына ОУК жана ОУМ жайгаштыруу боюнча иш-чаралардын жыйынтыктары;
2. Чет өлкөдөгү ЖОЖдор менен биргелешип окутуу программаларын өркүндөтүүнүн перспективалары;
3. Кышкы сынактык сессиянын жыйынтыктары жана магистрлердин сабакка жетишүүчүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-чаралар;
4. Факультетте квалификацияны бүтүрүү алдындагы илимий изилдөө практикасын уюштуруунун жана өткөрүүнүн жакшыртуу жолдору;
5. Ар кандай маселелер.

**1 - МАСЕЛЕ**

**УГУШТУ:** МЖМ факультетинин деканы Кадыров Ч.А. күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырып, талкууго сунуштады.

Күн тартибиндеги 1-маселе боюнча Иманакунова Ж.С. сүйлөп, билим берүү порталына ОУК жана ОУМ жайгаштыруу боюнча иш-чаралдардын жыйынтыктары менен бөлүштү.

Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкү факультеттерде ОУК порталга киргизилген эмес:

ЭФ-15;

ТФ-19;

ЭжТИ-39;

ИЭФ-45;

УМКФ-67;

МТФ-78.

Ж.С. Иманакунова: магистранттар студенттерге салыштырмалуу АВН порталын көп колгондуктан, окутуучулардан 1 ай ичинде ОУМ жайгаштырыуусун талап кылышыбыз керек.

1-маселе боюнча талкууга чыгып сүйлөгөндөр:

А.А. Самсалиев: ЖОЖдун аккредитация стандарттарынын бири ОУМдин ар бир магистрантка жеткиликтүү болушу керектигине байланыштуу, аккредитациялоо учурунда ОУМдин порталга жайгаштыруу маселесине өзгөчө көңүл бөлүндү.

Б.С. Тамабаева: ОУМ текшерүү үчүн комиссия түзүү зарыл.

Ч.А. Кадыров: Комиссия ОК мүчөлөрүнөн түзүлүшү керек.

Жогорудагы айтылган сунуштарды эске алуу менен МЖМФнин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кафедра башчылары жана НББПнын жетекчилери ОУК менен ОУМ билим берүү поталына 2020-жылдын 1-апрелине чейин жайгаштырылышын көзөмөлдөсүн.

**2 – МАСЕЛЕ**

**УГУШТУ:**

Факультеттин деканынын орун басары Э. У. Асаналиева чет өлкөдөгү ЖОЖдор менен биргелешкен окутуу программаларын өркүндөтүү перспективалары жөнүндө баяндап, чет өлкөлүк ЖОЖдор менен

келишимдер бардыгын жана биздин магистранттар 1+1 программасы менен МЭИ, МИФИ, ВОЕНМЕХ университеттеринде, Германия, Новосибирск, Казань шаарларында билим алып жаткандыгын айтып өттү.

2-маселе боюнча талкууга чыгып сүйлөгөндөр:

Ч.А. Кадыров: КГТУ менен МИФИ университетинин ортосунда магистранттарды кайрадан отургузуу (бекитүү) маселеси келишимде анык каралбагандыктан, 2 диплом долбоору менен көйгөйлөр жаралышы мүмкүн.

Жогорудагы айтылган сунуштарды эске алуу менен МЖМФнин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Академиялык мобилдүүлүк боюнча маалымат эске алынсын.
2. МЖМ факультетинин деканаты жана кафедра башчылары ПОКтун илимий стажировкасын жана чет өлкөлүк ЖОЖдор менен биргелешкен билим берүү программаларын иштеп чыгышсын жана И.Раззаков атындагы КМТУ менен кызыктар өнөктөштөр менен бирге “кош диплом” алкагында биргелешкен магистрдик программаларды ишке ашырышсын. Мөөнөтү: 2020-жылдын 1-октябрына чейин.
3. МЖМ факультетинин деканаты жана кафедра башчылары магистранттарды даярдоо сапатын жогорулатуу максатында академиялык мобилдүүлүк масштабдарын көбөйтүүгө жардам беришсин.

**3 – МАСЕЛЕ.**

3-маселе боюнча факультеттин деканынын орун басары Э.У. Асаналиева сүйлөдү.

Кышкы сынактык сессияга тиешелүү биз тараптан 2 буйрук чыгарылган: 1-курстун магистранттары үчүн кышкы сынактык сессия 2020-жылдын 20-январынан 31-январына чейин, 2-курстун магистранттары үчүн кышкы сынактык сессия 2020-жылдын 3-февралынан 7-мартына чейин.

3-маселе боюнча талкууга чыгып сүйлөгөндөр:

Ч.А. Кадыров: Магистранттардын сабакка катышуусун көзөмөлдөө керек.

Н.А. Исраилова: Магистранттардын көпчүлүгү иштеп жаткандыктан, окутуунун аралыктан окуу формасына өткөнүбүз жөндүү деп эсептейм. Жогорудагы айтылган сунуштарды эске алуу менен МЖМФнин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кышкы экзамендик сессиянын жыйынтыгы боюнча токтом бир добуштан кабыл алынсын.

**4 – МАСЕЛЕ.**

**УГУШТУ:** МЖМ факультетинин деканынын орун басары Э.У. Асаналиева факультетте квалификацияны бүтүрүү алдындагы илимий изилдөө практикасын уюштуруунун жана өткөрүүнүн жакшыртуу жолдорун талкууга сунуштады.

4-маселе боюнча талкууга чыгып сүйлөгөндөр:

Ч.А. Кадыров: Практика өтүүдө мөөнөтүнөн өтүп кеткен учурларда, практика өтүүчү жерлердин башчылары магистранттарды кабыл алуудан баш тартышууда.

Эки практика боюнча академиялык карызы бар магистранттар арыз боюнча экинчи жылга калтырылышы керек.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Эки практика боюнча академиялык карызы бар магистранттар арыз боюнча экинчи жылга калтырылышы керек.

**ОКнин төрагасы** **Кадыров Ч.А.**

**ОКнин катчысы** **Асаналиева Э.У.**